# Ж. Сатылганов атындагы орто мектеби 2021-2022- окуу жылынын Текстуалдуу отчету

2021-2022-окуу жылында **28** класс комплектиде **601** окуучу окуду. Даярдоо группасында окуучу окуйт. Аларга **55** мугалим билим-тарбия беришет. 21 мугалим Кыргыз Республикасынын ББИМнин «Билим берүү отличниги» төшбелгисен, **15** мугалим Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин "Ардак Грамотасы "менен сыйланышкан.

Бардык мугалимдер тумандуулук чыгармачылык, бирдиктүүлүк менен ата-энелер менен тыгыз байланышта болуп ,окуучуларга билим,тарбия берип жатышат.

2021-2022-окуу жылында **8 мугалим кесиптик чеберчилигин** оффлайн курстардан (72 сааттык) ,ал эми **4** мугалим онлайн курстардан өтүп жогорулатышты.

2021-2022-окуу жылынын 1-2-жарым жылдыгы үчүн жумалык, метбирикмелердин,кабинеттин, кружоктун пландары түзүлүп бекитилди. Предметтик мугалимдердин календардык пландарына толуктоолор киргизилип,жаңыланды.

Чейректердин жыйынтыгы боюнча класстык журналдардын,окуучулардын өздүк делолорунун, жазуу иштеринин алынышы боюнча текшерүүлөр жүргүзүлдү.Класстык журналдарга отчет учурунда эскертүүлөр жазылды.

USAID "Окуу керемет"долбоору боюнча баштапгыч классынын 10 мугалими онлайн , оффлайн 5 Модуль өтүштү .О.э. "Мектептерде усулдук колдоону уюштуруу"деген темадагы аталган долбоор жанаАк-Талаа билим берүү бөлүмү тарабынан уюштурулган мектеп директору ,окуу бөлүмүнүн башчысы үчүн 8-10-ноябрга чейин окуудан өтүп келишти.Мектепте 12-декабрь Улуттук алабият күнүнө карата иш чаралардын планы түзүлүп ,ар кандай иш чаралар өтүлдү.Планшет берилип,BaalooAPP,SabakAPP платформаларын колдонуп окуучулардын билим сапатын,мугалимдердин сабактарына катышуулар жүргүзүлдү. 20-майда USAID "Окуу керемет"долбоорунун негизде окуу,математика көндүмдөрүн өнүктүрүүдө стратегияларды колдонуу боюнча райондук семинар өтүлдү.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-2022-окуу жылында өзгөчө зээндүү окуучуларды аныктоо максатында мектеп окуучуларынын предметтик олимпиадасынын 1-баскычы(мектептик) 22-26-ноябрда санитардык-эпидемиологиялык эрежелердин сактоонун негизинде Жобого ылайык өткөрүлдү.

- Райондук 2-этабына 28 окуучу катышып келишти.Райондук баскычта
- Англис тили сабагы боюнча 1-орунду 11-б классынын окуучусу
- Шаршенбек Махабат, 2-орунду Кудашбекова Г. тарых сабагынан
- 2-орунду Нурлан уулу Канат,3-орунду биология сабагынан Токтобек кызы Гүлнур ээлешти.
- Областтык баскычта англис тили,орус тили,тарых сабагы боюнча
- 1-2-орунду камсызкылган 3 окуучу катышып келишти.
- АКМО боюнча райондук турунда
- 6-классынын 6 окуучусу алдыңкы орундарга ээ болушуп,областтык турна катышып,Грамоталар мененсыйланышты.
- "Биз 21-кылымдын Интеллектуалдарыбыз"кароо-сынагынын райондук, областтык этаптарында"Маалыматтык технологияларды колдонуу"

Сканировано с CamScanner

номинациясында 9-классынын окуучусу Сарбагышов Кубат

- 1-орунду ээлеп,Эл аралык турунa жолдомо алып,2-орунду камсыз кылып ,күмүш медаль,грамота,сертификаттар менен сыйланды.
- Илим ,техника жана өндүрүш жумалыгынын райондук турунда 2-орунду камсыз кылышты.
- 11-классынын окуучусу Мирбек кызы Мария FLEX алмашуу программасы менен АКШнын Висконсин штатындагы Уошбури жогорку мектебинде 11-классын ийгиликтүү окуп келди.
-
  - "Санарип мугалим" республикалык сынагына химия мугалими Таялиева Жылдыз , башталгыч классынын мугалими Султанова Миргулдөр катышып, Грамота,медалдар менен сыйланды.
  - "Билимкана"олимпиадасынын Улуттук этабына математика,кыргыз,англис тилдери сабактарынан 15 окуучу барып катышып,5-6- класстарынын окуучусу математика сабагынан алдыңкы ондукка кирип Грамота ,кызыктыруучу сыйлыктарга ээ болду.
  - Мектепте 23-сентябрь–Мамлекеттиктилкүнүнөкаратажумалыгы
  - "I love English" жумалыгы жыл сайын пландын негизинде кызыктууөтүлүп, жеңүүчүлөрүнө китеп ж.бкызыктыруучу сыйлыктар берилет.,
  - "Акыл ордо","Манас таануу"интеллектуалдык конкурсу ж.б. иш чараларга окуучулар активдүү катышат.
  - 23-апрель–Бүткүл дүйнөлүк китеп күнүнө карата
  - "Окуу керемет "долбоорунун негизинде иш чаралар, ЖРТга 11-классынын 32 бүтүрүүчүсү документ өткөрдү жана

9-11-класстардын аттестат ,күбөлүккө заявкалары даярдалып,документтери такталды.Ошондой эле 9-11-класстарынын бүтүрүүчүлөрүнө жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга ,ЖРТнын тестине кыргыз тили,математика,орус тили сабактарынан онлайн тесттер,Улуттук тестирлөө борборунун тесттери ,ЖРТнын көнүгүүчү тесттери сунушталып өтүлүп ,кайтарым байланыш жүргүзүлүп жатат.

- 9-классынын 2 окуучусу Артыкчылык күбөлүгүнө Сарбагышов Кубат, Кудашбекова Гулжамалдар татыктуу болушту.
- Мектеп 2019-жылдан бери NAMA фонду менен иштешет.
- 2021-2022-окуу жылындаNAMA фондунун Edulied программасы боюнча окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары Төлөбек кызы Анара май айынан бери 2 күндүк Модулдан өтүп келүүдө жана "Мектеп шартын жакшыртуу "деген долбоорун жазып, 467 246 сом өлчөмүндө 8 ноутбук ,принтерлер ,стол,стул ж.б.каражаттар алынып келинди.
- 26-февралда Тил илими усулдук бирикмеси тарабынан "Физикалык жана эмоционалдык чөйрө" деген темада семинар-тренинг өтүлдү.О.э.
- "Идеалдуу кабинет" конкурсу жарыяланып,жыйынтыгы чыгарылды.Математика,орус тили,информатика ,башталгыч класстардын ж.б. кабинеттер алдыңкы орундарга ээ болду жана маркердик доскалар 6 кабинетке кызыктыруучу сыйлык катары берилди.
- Аталган долбоордун алкагында мугалимдер арасында PLSтобу түзүлүп(кесиптик жактан билим берүүчү жамаат).мектепте семинар-тренингдер ноябрь айынан баштап,апрель,май айына чейин өтүлүп ,жаңы методикаларды жайылтуу жана сабакта колдонууга басым жасалды.

Сканировано с CamScanner

- NAMA фондунун 9-10-класстарынын 30 окуучусун NICE KYRGYZSTAN уюмунун Bright программасы боюнча уюштурулган 3 күндүк билим берүү лагери
- Ак-Талаа районунда өткөрүлдү.Лагерде окуучулар келечекке туура максат коюу,лидерлик сапаттарын өнүктүрүү жөнүндө жаңы маалыматтар менен таанышты. Bright программасы боюнча Төлөбек кызы Анара.Таялиева Жылдыз .Кеминбек кызы Кыялдар тренингден өтүп келишти.
- Ушул эле уюмдун "PARENTS SCHOOL"программасы 30 окуучунун
- ата-энелерин 2 күндүк тренингин өткөрдү. Тренингдин максаты : ата-энелер менен мектеп байланышын чыңдоо ,аларды мектеп жашоосуна аралаштыруу жана баланы туура тарбиялоого багытталган.Тренер мугалим Сапарбаева Асел окуусунан өтүп келген.
- О.э. 30. 05.22. NAMA фонду аркылуу Кыргызстандагы өнөктөш уюмдардын бири "Борбор Азия"коомдук фондунун өкүлдөрү 11-классынын бүтүрүүчүлөрү менен жолугушуп жана мектептин бүтүрүүчүлөрүнө арналган жогорку билим алууну камсыз кыла турган конвертацияланган ссуда боюнча маалымат беришти .Учурда Сулайманов Жаркынбектин 50% контракты НАМА фонду тарабынан төлөнүп жатат.
- Мектеп окуучулары Кыргызстандагы Америка Элчилиги жана Аксес Аламин уюму тарабынан "LEED CARAVAN"2021 долбооруна ийгиликтүү катышып. экологияны коргоо боюнча билимдерин жогорулатышып .лидерлик жөндөмдөрүн өстүрүп келишти.
- Тынчтык Корпусунун "Жаңы Муун" программасына катышып ,ар бирине сертификат ,белектер жана мектепке маркер доска берилди.
- Аскерге чейинки даярдык сабагы боюнча райондук деңгээлде семинар өтүлдү.
- "Жыл мугалими -2022"карөо-сынагынын мектептик турунда англис тили мугалими Үсөнеакунова Мээрим жеңүүчү болуп, райондук туруна катышып,областтык билим берүү округунун Грамотасы менен сыйланды.
- Жыл аягында окуучулардын саны :582/295 Отличниктер 103.ударниктер 185 Мектеп боюнча жылдык билим сапаты -54 %

**2021-2022-окуу жылындагы класстан тышкаркы иштерди уюштуруунун жүргүзүлгөн иштери боюнча маалымат**

| № | Аткарыла турган иштин мазмуну | Аткарылгандыгы тууралуу маалымат |
|---|---|---|
| 1 | 2021-2022-жаңы окуу жылына карата даярдыктарды көрүү, уюштуруу иштери | 2021-2022-жаңы окуу жылына карата бардык класс жетекчилер ата-энелерге, окуучуларга маалымат берилип, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Мектепте дезинфекция иштери жүргүзүлдү. Санитардык-гигиеналык талаптарга ылайык тазалоо жумуштары аткарылып турат. Санитардык талаптарды аткаруу менен 15-сентябрда салттуу түрдө окутуу жүргүзүлүүдө. |
| 2 | 15-сентябрь Билим күнүнө | 15-сентябрь Билим күнүнө карата 1-11- |

Сканировано с CamScanner

| | | |
|---|---|---|
| | карата "Эгемендүү Кыргыз Республикасына 30 жыл", "КРнын Эгемендүүлүгүнө 30 жыл" деген темаларда ачык класстык сааттарды уюштуруу. | класстардын класс жетекчилери 1-саатта "Эгемендүү Кыргыз Республикасына 30 жыл", "КРнын Эгемендүүлүгүнө 30 жыл" деген темаларда видеослайддардыколдонуу менен ачык көрсөтмөлүү класстык сааттар өтүлүп, кеңири түшүнүк берилди. |
| 3 | 23-сентябрь Кыргыз тили-Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил күнүнө карата иш чараларды уюштуруу | 23-сентябрь Кыргыз тили-Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил күнүнө карата бардык класс жетекчилер тарбиялык сааттарды өтүштү. "Эне тилим-эне сүтүм", "Мен кыргыз тилин сүйөм", "23-сентябрь мамлекеттик тил күнү", "Тил улуттун байлыгы", "Элимдин эртеңи эне тилинде", "Эне тили болбосо аты аталбайт улуттун" деген темаларда класстык сааттар өтүлүп, иш чаралар өтүлдү. |
| 4 | 1-октябрь Карылар күнүнө карата иш чараларды уюштуруу | 1-октябрь Карылар күнүнө карата тарбиялык сааттар өтүлдү. Мугалимдер, окуучулар тарабынан чоң ата, чоң апаларга куттуктоолор болду. "Карысы бардын-ырысы бар", "Карынын кебин капка сал!", "Кары адам төрдүн көркү" деген темаларда видеослайддарды түзүшүп, класстык сааттар өтүлдү. |
| 5 | 5-октябрь Мугалимдер күнүнө карата иш чараларды уюштуруу | 5-октябрь Мугалимдер күнүнө карата окуучулар, ата-энелер тарабынан куттуктоолор болду. "Мугалим мөмөлүү дарак", "Мугалим кесиптердин улуусу" деген темаларда видеослайддарды түзүшүп, класстык сааттар өтүлдү, мектеп парламенти тарабынан концерттик программа уюштурулуп, куттуктоолор болду. |
| 6 | 15-октябрь Бүткүл дүйнөлүк тазалык күнүнө карата "Колду жуунун эрежелерин жана санитарияны жакшыртуу" боюнча иш чараларды уюштуруу | "Колду жуунун эрежелери боюнча бардык класстарга көрсөтмөлүүлүктүн негизинде түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Мектепте, үйдө "Колду жуунун эрежелерин жана санитарияны жакшыртуу" боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, көзөмөлдөнөт. |
| 7 | Жол эрежелерин сактоо боюнча, өрт коопсуздугунун, жер титирөөнүн алдын алуу боюнча 1-11-класстарга АЧД сабагынын мугалими менен бирдикте онлайн практикалык сабактарды | 18-19-октябрда 1-класстарга жол эрежелерин сактоо боюнча, өрт коопсуздугунун, жер титирөөнүн алдын алуу боюнча ТТКН сабагынын мугалими менен бирдикте практикалык сабак өтүлүп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. |

Сканировано с CamScanner

| | | |
|---|---|---|
| | уюштуруу. | |
| 8 | Окуучулар арасындагы кылмыштуулуктун, зордук-зомбулуктун, укук бузуулардын, өзүн-өзү өлтүрүүлөрдүн алдын алуу багытындагы иш чараларды уюштуруу. | Жалпы ата-энелерге, окуучуларга окуучулар арасындагы кылмыштуулуктун, зордук-зомбулуктун, укук бузуулардын, өзүн-өзү өлтүрүүлөрдүн алдын алуу багытындагы онлайн чогулуш өтүлүп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Соцпедагог, ЖОИИ, МЖЖ, мектеп парламенти, класс жетекчилер менен бирдикте график боюнча рейддер жүргүзүлүүдө. План боюнча "Биз зордук-зомбулукка каршыбыз!". "Рэкетчилик-бул кылмыш", "Адепсиздик кылмыш, кылмыштын арты жаза" деген темаларда тарбиялык сааттар өтүлдү. Мектеп парламенти, МЖЖ, класс жетекчилер тарабынан дубал газеталар ай сайын уюштурулуп турат. |
| 9 | Кыргыз Республикасынын Президентинин 2017-жылдын 26-октябрындагы №231 "Тарых жана ата-бабаларды эскерүү күндөрү жөнүндө" жарлыгы боюнча методикалык бурчтарды уюштуруу, класстык сааттарды өткөрүү жана иш чараларды уюштуруу. | Кыргыз Республикасынын Президентинин 2017-жылдын 26-октябрындагы №231 "Тарых жана ата-бабаларды эскерүү күндөрү жөнүндө" жарлыгы боюнча методикалык бурчтар уюштурулуп, маалымат берилди. План боюнча класстык сааттарды өтүлдү жана видеослайддар түзүлүп, иш чаралар уюштурулду. Кылымдын |
| 10 | 1-декабрь Бүткүл дүйнөлүк СПИД оорусуна каршы күрөшүү күнүнө карата иш чараларды уюштуруу. | 1-декабрь Бүткүл дүйнөлүк СПИД оорусуна каршы күрөшүү күнүнө карата 1айлык жарыяланып, бардык класс жетекчилер кабинет башчылар менен бирдикте ден соолук бурчтары уюштурулуп, окуучуларга онлайн маалыматтар берилип, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.<br>5-11-класстарга бардык класс жетекчилер СПИД оорусун алдын алуу боюнча тарбиялык маанидеги видеосабактарды жана иш чараларды уюштуруп өтүштү.<br>ВИЧ/СПИД оорусун алдын алууга карата 8-11-класстарга, дилбаяндар жаздырылып, сүрөт көргөзмө уюштурулду.<br>Бардык класстар кабинеттерге ВИЧ/СПИД оорусун алдын алууга карата дубал газеталарды чыгарышты. 1-декабрь СПИД оорусуна каршы күрөшүү күнүнө карата COVID-19 илдетинин алдын алуу аракеттерин көрүү максатында үй бүлөлүк дарыгерлер тобунун башкы врачы |

Сканировано с CamScanner

| | | |
|---|---|---|
| | | Г.Мааткеримова жана медайымы С.Султанова менен бирдикте окуучулар арасында вебинар уюштурулуп, лекция окулуп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Дүйнөлүк тилектештик жалпы жоопкерчилик!" деген темада мектеп парламенти тарабынан флешмоб уюштурулуп, ВИЧ/СПИД оорусун алдын алуу боюнча өтүлгөн иш чараларды жыйынтыктоо болду. |
| 11 | 3-декабрь Майыптарды колдоо күнүнө карата тарбиялык иштерди уюштуруу. | 3-декабрь ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелгендерди колдоо күнүнө карата соц.педагог менен бирдикте ар бир класс жетекчи өз класстарына түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү. "Кайрымдуулук жакшы сапат" деген ж.б. темаларда иш чаралар уюштурулду. |
| 12 | 4-декабрь "Манас" күнүн белгилөө | 4-декабрь "Манас" күнүнө карата бардык класс жетекчилер кабинеттерге дубал газеталарды уюштуруп, окуучуларга маалыматтар берилип, класстык сааттар уюштурулуп өтүлдү. Дилбаяндар жаздырылып, иш чаралар өтүлдү. |
| 13 | 12-декабрь Залкар жазуучу Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата ишчараларды уюштуруу. | 12-декабрь Залкар жазуучу Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата бардык класс жетекчилер кабинеттерине методикалык бурчтарды уюштуруштү, бардык класстардын класс жетекчилери "Ч.Айтматов-залкар жазуучу", "Алп талантка таазим", "Аалам алпы-Айтматов" деген темаларда класстык саатар өтүлүп, иш чаралар уюштурулду. |
| 14 | Окуучулар арасындагы кылмыштуулуктун, зордук-зомбулуктун, укук бузуулардын, өзүн-өзү өлтүрүүлөрдүн алдын алуу багытындагы иш чараларды уюштуруу. | 24-декабрда кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча ЖӨИИ Тынчтыкбек Мамбетов менен бирдикте окуучуларга чогулуш өтүлүп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Жаңы жылдык "Балаты " майрамын класстык саат катары өткөрүүдө өрт жана техникалык коопсуздуктарды, коомдук тартипти сактоону камсыз кылуу үчүн атайын нөөмөттөр уюштурулуп, көзөмөл жүргүзүлдү. Маданий иш чараларды өткөрүү токтотулгандыгы боюнча ата-энелерге түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп. келишим түзүлдү. Келишимде мектепте жана үйлөргө, кафе-ресторандарга чогулуп. жаңы жылдык иш чараларды өткөрүүгө |

Сканировано с CamScanner

| | | |
|---|---|---|
| | | тыюу салынары белгиленди. |
| 15 | 15-февраль-Советтик жоокерлердин Афган жергесинен чыгарылган күнүнө карата иш чараларды уюштуруу. | 15-февраль-Советтик жоокерлердин Афган жергесинен чыгарылган күнүнө карата методикалык бурчтар уюштурулуп. класстык сааттар өтүлдү, иш чаралар уюштурулду. |
| 16 | Мектеп окуучуларынын арасында тартип бузуучулуктарга, опузалоолорго (рэкет), мушташ жана уруп сабоолорго жол бербөө, алдын алуу, профилактикалык жана түшүндүрүү иштерин күчөтүү менен катуу көзөмөлгө алуу иштерин жүргүзүү | Жаш өспүрүмдөр арасында укук бузуулардын жана кылмыштуулуктун. зордук-зомбулуктун алдын алуу боюнча класс жетекчилер окуучуларга план боюнча тарбиялык сааттарды өтүп. дайыма окуучуларга жана ата-энелерге түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турат. МЖЖ. ЖӨИИ. класс жетекчилерден, соцпедагог, уюштуруучу менен бирдикте график боюнча рейддер жүргүзүлүп, акт түзүлөт. Ай сайын ЖӨИИ менен бирдикте кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча чогулуш өтүлүп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт. |
| 17 | 3-март КРнын мамлекеттик Туу күнүнө жана 5-март Ак калпак күнүнө карата иш чараларды уюштуруу | Бардык класс жетекчилер 3-март КРнын мамлекеттик Туу күнүнө жана 5-март Ак калпак күнүнө карата кабинеттерге методикалык бурчтарды уюштуруп. план боюнча тарбиялык сааттарды өтүлдү. Мектеп парламенти тарабынан 3-март КРнын мамлекеттик Туу күнүнө жана 5-март Ак калпак күнүнө карата жөө жүрүш уюштурулду. |
| 18 | 8-март аялдардын Эл аралык күнүнө карата жана 21-март Нооруз майрамына карата иш чараларды уюштуруу | Бардык класс жетекчилер план боюнча көрсөтмөлүү тарбиялык сааттарын өтүшүп, маалымат берилди. |
| 19 | 24-март Кургак учук оорусуна каршы күрөшүү күнүнө карата санитардык иштерди уюштуруу | Бардык класс жетекчилер план боюнча тарбиялык сааттарды өтүштү, ден соолук бурчтарына кургак учук оорусунан сактануу боюнча маалыматтарды илишти. Дубал газеталар чыгарылды, жат жазуу, дилбаяндар жаздырылып, окуучуларга түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. |
| 20 | "7-апрель- Элдик революция окуясынын" 12 жылдыгына карата класстык сааттарды жана иш чараларды өткөрүү. | Бардык кабинеттерге "7-апрель- Элдик революция окуясынын" 11 жылдыгына карата класстык бурчтар уюштурулду. Мектеп парламенти тарабынан линейка "Эл төрөгөн эр өлбөйт" деген темада лекция окулуп, декломациялар айтылды, ырлар |

Сканировано с CamScanner

| | | |
|---|---|---|
| | | көркөм окулду. Ураандар, сүрөттөр илинди. Бардык класс жетекчилер класстарына "7-апрель-Элдик революция окуясынын" 12 жылдыгына карата маалыматтар берилип, план боюнча класстык сааттар өтүлдү. 1-4-класстардын окуучулары жат жазууларды, 5-11-класстардын окуучулары дилбаяндарды жазышты. "Апрель революциясы балдардын көзү менен" аттуу уюшулган сүрөт конкурста 1-орунга 8-в класстын окуучусу Нурланбек кызы Мариза, 2-орунга 5-в класстын окуучусу Шербото уулу Сейдимурат, 3-орунга 5-а класстын окуучусу Асанбекова Малика ээ болуп, "Ардак Грамота" менен сыйланышты.<br>8-апрелде тарых мугалимдери тарабынан уюшулган"7-апрель-Элдик революциясынын" 9 жылдыгына карата эскерүү кечеде "Эстелик" аттуу ыр уктурулуп, эскерүү минуталары болду. Апрель революциясында Нарын өрөөнүнөн катышкан баатырлардын сүрөттөрү, өмүр баяндары чагылдырылган слайд көрсөтүлдү. Тарых мугалими Асанбек кызы Тыным "Эл уулдары унутулбайт" деген темада доклад окуду. Кулматова Нургүл жана мектеп администрациясынан сөз сүйлөп жыйынтыктоо болду. |
| 21 | 12-апрель-Космонавттар күнүнө карата иш чараларды уюштуруу | Бардык класс жетекчилер план боюнча көрсөтмөлүү тарбиялык сааттарын өтүшүп, маалымат берилди. |
| 22 | Мектептин айланасын жашылдандыруу, көрктөндүрүү боюнча түзүлгөн иш чаранын планынын негизинде иш алып баруу | Жашылдандыруу, көрктөндүрүү иштерине карата мектептин бак короосуна теректер отургузулду, гүл айдалды. Жума сайын график боюнча ишембиликтерде тазалоо жумуштары аткарылды. |
| 23 | КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин 2019-жылдын 30 сентябрындагы №1144/1 "Республиканын жалпы билим берүү уюмдарында мыйзамсыз акча чогултууларга тыюу салуу жөнүндө" буйругун жетекчиликке алып, түшүндүрүү иштерин | Ж.Сатылганов атындагы орто мектебинин мугалимдер жамаатына, окуучулардын ата-энелерине (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) "Алиппе" майрамын өткөрүүдө, "Акыркы коңгуроо" салтанатын белгилөөдө, окуу жылын жыйынтыктоодо, мамлекеттик жыйынтыктоо аттестациясында ж.б. мектептик иш чараларда мугалимдердин ата-энелерден мыйзамсыз акча чогултуусуна, белек алуусуна катуу тыюу |

Сканировано с CamScanner

| | | |
|---|---|---|
| | жүргүзүү | салынары белгиленип, жол бербөө максатында чогулуштар өтүлүп, кол койдурулуп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. |
| 24 | 5-май Конституция күнүнө карата, 9-май Улуу Жеңиш күнүнө карата иш чараларды уюштуруу | Бардык класс жетекчилер 5-май Конституция күнүнө жана 9-май Улуу Жеңиш күнүнө карата кабинеттерге методикалык бурчтарды уюштуруп, план боюнча көрсөтмөлүү тарбиялык сааттары өтүлүп, маалымат берилди. |
| 25 | "Акыркы коңгуроо" салтанатын уюштуруу | Бүтүрүүчлөргө арналган "Акыркы коңгуроо" салтанаты өтүлүп. 9-11-класстардын бүтүрүүчүлөрү тарабынан тартип бузуулар болгон жок. Салтанаттуу иш чараларды өткөрүүгө, мыйзамсыз түрдө акча жана башка чогултууларга катуу тыюу салынгандыктан, ошондой эле бүтүрүүчүлөрдүн жана ата-энелердин катышуусу менен оюн-зоок жайларга, жаратылышка чыгып кетүүлөр боюнча алдын алуу, түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, катуу тыюу салынгандыктан тартип бузуулар болгон жок. |

## Социалдык педагогунун 2021- 2022-окуу жылына карата отчёту

*Бардык курактагы балдардын социалдык жана жекече көйгөйлөрдү аныктоо максатында социалдык педагогикалык изилдөөлөр жүргүзүлүп төмөкүдөй маалымат аныкталды

| № | Жоробек Сатылганов атындагы орто мектеби | Жылдар | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 2020.09 | 2021.01 | 2022.06 |
| 1 | Жалпы бала бакчадагы балдар | 100 | 100 | 104 |
| 2 | Жалпы орто мектепте окуган балдардын саны | 604 | 592 | 582 |
| 3 | Кесиптик лицейде окуган балдар | 3 | - | - |
| 4 | Музыкалык мектептерде окуган балдар | - | - | - |

Сканировано с CamScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 5 | Балдардын чыгармачылык борборунда окуган балдар | - | - | - |
| 6 | Малчынын балдары | 7 | 7 | 10 |
| 7 | Томолой жетим | 1 | 3 | 4 |
| 8 | Жарым жетим | 39 | 49 | 48 |
| 9 | Социалдык жетим балдар | - | | |
| 10 | Камкордукка, көзөмөлдүккө алынган балдар | 3 | | |
| 11 | УБ. камкордукка алынган балдар | - | | |
| 12 | Туулгандыгы тууралуу күбөлүгү жок балдар | 1 | | |
| 13 | Туулгандыгы тууралуу күбөлүк алынып берилген балдар | 1 | | |
| 14 | "Тобокел" тобундагы балдар | - | | |
| 15 | Турмуштук оор кырдаалга кабылга балдар | - | | |
| 16 | Турмуштук оор кырдаалда турган үй-бүлөлөр | - | | |
| 17 | Асыроого берилген балдар | 1 | | |
| 18 | Интернаттарга жайгаштырылган балдар | - | | |
| 19 | Интернаттан кайтып келген балдар | - | | |
| 20 | Тышкы миграттын балдары | 12 | 16 | 14 |
| 21 | Ички мигранттын балдары | 32 | 43 | 46 |
| 22 | Бала асырап алууга кезекте тургандар | - | - | - |
| 23 | Көп балалуу үй-бүлөдөгү балдар | 34 | 46 | 48 |
| 24 | ДМЧ баланын саны | 10 | 11 | 6 |
| 25 | Окууга тартылган ДМЧ баланын саны | 9 | 11 | 6 |
| 26 | Аз камсыз үй-бүлөдөгү баланын саны | 180 | 326 | 287 |
| 27 | Мектепке тартылбай калган баланын саны ( ДМЧ ) | - | - | - |
| 28 | Инклюзивдик окутуудагы баланын саны | - | - | - |

Сканировано с CamScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 29 | Орто мектепте окуган аз камсыз үй- бүлөдөгү баланын саны | 87 | 148 | 153 |
| 30 | Толук эмес үй-бүлөдөгү баланын саны ( ажырашкан ) | 3 | 4 | 5 |
| 31 | Өгөй ата-энелер менен жашаган балдар | 3 | 5 | 6 |
| 32 | Мектептердин саны | 1 | 1 | 1 |
| 33 | Мектеп профкабинеттердин саны | 1 | 1 | 1 |
| 34 | Үч тараптуу келишим түзүлгөн мектептердин саны | 1 | 1 | 1 |
| 35 | Мектептердеги видеокөзөмөлдүн саны | 8 | 8 | 8 |
| 36 | Коопсуздук кызматы бар мектептердин саны | - | - | - |
| 37 | Мектептин проф Кеңешинде каралган маселелердин саны | 3 | 4 | 9 |
| 38 | Мектептин проф каттоосунда турган баланын саны | 2 | 2 | - |
| 39 | ПМПКдан өткөн баланын саны | - | - | - |
| 40 | ЖӨИИсынын каттоосунда турган баланын саны | - | - | - |
| 41 | Кылмышка катышкан окуучулардын саны | - | | |
| 42 | Мыйзам менен чатагы бар балдардын саны | - | | |
| 43 | Кароосуз калган балдардын саны | - | | |
| 44 | Үй-бүлөлүк зордук- зомбулукка кабылган баланын саны | - | | |
| 45 | Сексуалдык зордук- зомбулукка кабылган баланын саны | - | | |
| 46 | Өспүрүмдөр арасында суицид фактысы | - | | |
| 47 | Суициддин алдын-алуу боюнча жүргүзүлгөн иштер | 3 | | |
| 48 | Балдарга карата аныкталган зомбулуктун саны | - | | |
| 49 | БИК өткөрүлгөн отурумдун саны | - | | |

Сканировано с CamScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 50 | А.И. каралган маселенин саны | - | | |
| 51 | Зордук-зомбулуктун алдын алуу боюнча жүргүзүлгөн иш чаралардын саны | 3 | 4 | 7 |
| 52 | Кылмыштуулукту алдын-алуу боюнча өткөрүлгөн иш чаралардын саны | 2 | 2 | 6 |
| 53 | Айылдарда, шаарларда зомбулуктун алдын-алуу боюнча жүргүзүлгөн мониторингдин саны | 2 | 4 | 7 |

*Бардык курактагы балдардын социалдык жана жекече койгойлорду аныктоо максатында социалдык педагогикалык изилдөөлөр жүргүзүлүп ата-энелердин сабак окуусуна балдарга шарт түзүп берүү жагын ата-энелерге түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Аялуу катмардагы үй бүлөлөрдүн үйлөрүнө барып аңгемелешүүлөр убагында болуп турду.

Окуучулардын кызыкчылыгын, укугун коргоо ( педкеңештерде, прокуратурада, соттордо жана башка учурларда) .

Чоң адамдар тараптан кысымчылыкка, зордук-зомбулукка дуушар болгон балдарды коргоодо жекече колдоо иштери ар дайым жүргүзүлүп турду.

Баланын укуктарын коргоо боюнча класстык сааттар, жат жазуу, сурот конкурстары иш-пландын негизинде уюштурулду.

Балдарды үй-бүлөдөгү ырайымсыз мамиледен коргоо боюнча жогорку жактан келген буйруктардын, каттардын жана түзүлгөн иш-пландын негизинде үймө үй кыдыруу иштери жүргүзүлдү.

Окутуу учурунда балага жана ата-энелерге психологиялык колдоо көрсөтүүдө түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турду.

Алдын алуу Кеңешинин курамы түзүлүп жыйындар ай сайын өткөрүлүп коюлган маселелер кеңештин мүчөлөрүнүн катышуусунда талкууланып протоколдор өз убагында жазылды.

Тобокел тобундагы балдар айыл аймагынын айыл өкмөтү тарабынан аныкталган жок. Ал эми мектептин каттоосунда турган балдарга карата алдын алуу боюнча жыл ичинде түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турду жана окуу жылынын аягында каттоодон чыгарылды.

Графике ылайык майрамдарга карата мектеп директорунун буйругу менен рейддер жүргүзүлүп акт түзүлүп турат.

Класстардагы окуучулардан жашыруун сурамжылоо жүргүзүлүп анкетталар алынып ар бир суроо боюнча мониторинг жүргүзүлүп иштер алып барылат.

Укук бузууга жол берген окуучу балдарды тарбиялоодо өз милдетин аткарбаган жана аларга терс таасирин тийгизген ата-энелер тууралу өз алдынча жекече иштер убагында жүргүзүлүп турду.

Сканировано с CamScanner

Насвай деген эмне?, Тамеки ден соолукка зыян. Алкогоизм коркунучтуу. Кыздардын эрте никеге туруусу эмнеси менен коркунучтуу, Интернеттин зыяндуу жана пайдалуу жактары, Гендердик теңчилдикке жетишүү деген темаларда класс жетекчилерге тренинг өтүлдү.

Гендердик жана үй-бүлөлүк зомбулукту токтотуу боюнча айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн комитеттеринин мүчөлөрү эмне жумуштарды аткарыш керек деген тренинг өткөрүлдү.

Кыз ала качуу бул кылмыш- КРнын кылмыш жаза кодексинин 155 беренеси боюнча педагогикалык жамаатка түшүндүрмө берилди.

Окуучулардын туулгандыгы тууралу документтерин калыбына келтирүү боюнча айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн социалдык адисине ооз эки жана жазуу жүзүндө өзубагында билдирүүлөр берилип турат жана документтери жок балдардын документтери калыбына келтирилип. 2021-2022-окуу жылында 2-а классынын окуучусу Моңошова Фатиманан туулгандыгы тууралу документи калыбына келтирилди.

Ата-энелердин балдарды тарбиялоодогу маданиятын жогорулатууга ата-энелик милдеттерин аң-сезимдүү мамиле жасоо үчүн ата-энелер чогулуштарында жана түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турду.

Социалдык жактан коргоого алынган окуучулардын жайкы эс алуусун уюштуруп маалыматтарды топтоо менен кайрымдуулук иштери жүргүзүлүдө.

3-декабрь ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын күнүнө карата мектепте шашки,шахмат, волейбол оюндары жана сүрот тартуу боюнча конкус уюштурулду. Ошондой эле райондук масштабдагы кароо-сынакка окуучулардан барып катышып келди.

Томолой жетим, жарым жетим, ДМЧ, толук эмес жана аз камсыз болгон үй бүлөдө тарбияланган балдарга" Жаңы Жылдык" балаты кечеси шартка байланыштуу өткөрүлгөн жок. Окуучулардын үйлөрүнө "Жаңы Жылдык" материалдык жардам айыл аймагынын айыл өкмөтү тарабынан көрсөтүлдү.

Турмуш шарты оор кырдаалга туш болгон окуучулар айыл аймагынын айыл өкмөтү тарабынан аныкталган жок.

Окуучуларга кесиптик багыт берүүдө 28.04.2021-жылы Kyfgyz Neubofk акедемиялык уюму тарабынан чет жерде билим алган мекендештер кесип тандоо боюнча тажрыйба, кеңештери менен " Кесип тандоо. Келечекти тандоо" аталышындагы сабак тренинг өтүп беришти.

Ак-Талаа райондук билим берүү бөлүмү тарабынан төмөндөгү тапшырмалар берилген:

*дин боюнча маселелер жаралган жок

*оор кырдаалдагы үй-бүлөлөр аныкталган жок

*көп балалуу үй-бүлөлөр менен дайыма байланыш болуп жатат

*мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулардын ата-энелери менен дайыма байланыш болууда

Сканировано с CamScanner

*толук эмес үй бүлөнүн балдарын көзөмөлгө алуу иштери жүргүзүлүүдө
*чыр чатактуу үй бүлөлөр аныкталган жок
*ата-энелерге балдары вотсапка кирип сүйлөшкөндөрүн дайыма көзөмөлдөп туруусу боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүүдө

"Ас салам" кайрымдуулук фонду тарабынан Аярлуу катмардагы үй-бүлөлөргө ( ун, май, аз-түлүктөрдөн ) жардамдар көрсөтүлдү.

"Ас салам" кайрымдуулук фонду тарабынан Аярлуу катмардагы үй-бүлөлөргө жардам көрсөтүүгө керектелүүчү документтердин көчүрмөлөрү 3х4. 4х6 жана 10х15 өлчөмүндөгү сүрөттөрүн чыгарып берип жардам көрсөтүлдү.

* 1-июнь Балдарлы коргоонун Эл аралык күнүнө карата түзүлгөн иш-чаралар өткөрүлүп анда окуучулар сүрөттөрдү тартышты, көл өнөрчүлүк көгөзмөлөрүн мугалимдер менен бирдикте уюштурушту. Ата-энелер тарабынан балдарды коргоо күнүнө карата 15000 сомдук бал муздак,таттуулар жана таттуу суусундуктар таратылды.

* 2022-жылдын 11-июнуна карата Ысык-Көлдөгү Чолпон-Ата шаарындагы "Алтын балалык" эс алуу лагерине Тойгонбаева Элина жана Болотбек кызы Асема жиберилет.

Сканировано с CamScanner

**2021-2022-окуу жылында тарталган инвестициялар жөнүндө маалымат**

| № | Демөөрчүлүк | Эмне сатылып алынды | суммасы |
|---|---|---|---|
| 1 | Жергиликтүү бюджеттен Айыл өкмөтү | Ноутбук 11 штук | 275000 |
| 2 | Мектептин көмөкчү чарбасынын эсебинен | Микротик | 3700 |
| 3 | Ата-энелердин демөөрчүлүгү менен | Проектор 1штук | 8000 |
| 4 | НАМА фондусунан "Едулид" программасы менен иштешип "Мектептерди жакшыртуу" долбоору | Ноутбук 8 штук<br>Компьютер 1 штук<br>Принтер 3х1<br>Принтер (түстүү)<br>Китептер үчүн шкаф<br>Мугалимдер үчүн стол (6 шт)<br>Мугалимдер үчүн отургуч (14шт) | 467246 |
| 5 | Теректердин көчөтү Айыл өкмөтүнүн эсебинен | 50 штук | 1000 |
| | **Жалпы сумма** | | **1754946** |

Мектеп директору: Э. Нурдинов

Сканировано с CamScanner